КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

Жаңы-Арык айылы | **№_1_-ТОКТОМУ** | 6-апрель 2023-жыл

**Бүргөндү айыл өкмөтүнүн "Намаздык - Ата" жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасынын кайрылуусун кароо жөнүндө**

"Намаздык - Ата" жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы А.Халиевдин Бүргөндү чабандарынын улуу жайлоого мал айдап өтүүсүнө тоскоол болуп, жолду тосуп чыккан Майлуу-Суу шаарынын элине мыйзамдуу чара көрүү үчүн тиешелүү органдарга кайрылуу менен маселени чечүүгө жардам берүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. "Намаздык-Ата" жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы А.Халиевдин кайрылуусу эске алынсын.

2. "Намаздык - Ата" жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы А.Халиевдин Бүргөндү чабандарынын улуу жайлоого мал айдап өтүүсүнө тоскоол болуп жолду тосуп чыккан Майлуу-Суу шаарынын элине мыйзамдуу чара көрүү жөнүндөгү маселесин жана Бүргөндү айыл аймагындагы чабандардын жайлоого чыгуудагы тоскоолдуктарын чечүү максатында тиешелүү жогорку органдарга жана Майлуу-Суу шаар мэриясынын жетекчилиине, Майлуу-Суу шаардык кеңешине Бүргөндү айылдык кеңешинин депутаттарынын атынан кайрылуулар жөнөтүлсүн жана жеринде чечүү үчүн өз компетенциясынын чегинде аракеттер көрүлсүн.

3. "Намаздык-Ата" жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыты менен чектешкен коңшу жайгашкан айыл өкмөттөрдүн жайыты, Майлуу-Суу шаарынын тургундары менен болуп жаткан маселе боюнча чек араларын аныктап, тактоо иштери боюнча өз учурунда ыкчам аракеттерди көрүү жана аягына чыгаруу жагы "Намаздык-Ата" жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы А.Халиевге жана Бүргөндү айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Эл чарбасы, айыл чарбасы, өнөр жай транспорт жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Абдиевке милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** ______________ **Б. Кубатов**